
# Тык-тык-тык



Автор: Видья Прадхан

Сүрөтчү: Решма Барве

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Тык-тык-тык

Автор: Видья Прадхан
Сүрөтчү: Решма Барве
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Tok Tok*, Copyright © 2015, Pratham Books түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Тык-тык-тык" (кыргыз тилинде), автор Видья Прадхан, сүрөтчү Решма Барве, Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyweaver.org.in/stories/986-tok-tok

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Тык-тык-тык!

Сонапурдук Раджа Петучанд башын жаздык алдына катты. Кечинде ырахаттанып жеген тооктун чүйгүн эти ашказанын оорутуп, жанын кейитип жатты. Анысы аз келгенсип, бул коркунучтуу үндүн басылбай жатканын карабайсыңбы?!



– Хан сарайда кыла турган ишим көп. Бирок кайсынысынан баштайм? – деп наалып ханышага кайрылды. Ханыша болсо эбак эле капарсыз уйкуга кеткен экен. Анын түшүнө хан сарайдагы үлпөт той кирип жатты.

Тык-тык... тык-тык-тык!



– Бул эмне деген жорук! – деп Петучанддын ачуусу келди. – Мен падышамын да! Бул тыкылдаган добушка тыюу салам!

Ал ордунан туруп эшикти ачты да, дардайган курсагын чапаны менен кымтылады. Күзөтчүлөр чочулап, бири-бирин астыртан карап турушту.




– Бул эмне деген ызы-чуу?! – деп ачуусу келген падыша жансакчыларын сурады.

– Улуу урматтуум! Биз эч нерсени билбейбиз! – деп күзөтчүлөр коркконунан калтырап кетишти.

– Биз бул ызы-чууну чыгарган адамды издедик. Бирок эч кимди таба алган жокпуз, – деп актанышты.

– Бекерпоздор!

– Эгерде беш мүнөттүн ичинде бул үндү ким чыгарып жаткандыгын билбесеңер, баарыңарды кызматтан айдайм! – деп наалыды падыша. Тык-тык, тык-тык!



Күзөтчүлөр шашылыш түрдө аскер капитаны Ранвир Сингхти чакырышты. Анын боюнун узундугу эки метр, туурасынын жоондугу болжол менен бир метрдей эле. Чыйратылган узун муруту көргөндүн эсин чыгарчу.



– Капитан мырза, бул үнду ким чыгарып жаткандыгын билүүгө жардам берүүңүздү суранабыз! Антпесе, баарыбыз жумушсуз кала турган болдук! – деп күзөтчүлөр ага жалынып-жалбарып, ыйламсырашты.

– Макоолор! – деп күбүрөнду капитан. Ал бир взвод жоокер чогултту.

Тык-тык... тык-тык!

– Силер даярсыңарбы? Тезинен жөнөгүлө да, бул тыкылдатып жаткан кылмышкерди таап келгиле! – деп буйрук берди.


Аскерлер хан сарайдын булуң-бурчтарын калтырбай, издеп жатышты.



Алар бардык терезелерди шыкаалап карап, уктап жаткан балдарды чочутушту. Дубалдарды ургулап көрүштү. Сарайдагы бардык кутуларды да ачып көрүштү. Бул түнү хан сарайда эч ким уктаган жок.

Ал эми каргыш тийген тыкылдак үн дагы деле кайдан-жайдан чыгып жатты.


Тык-тык... тык-тык!



Эртеси эртең менен падыша уктап калып, сотко кечигип калды. Анын бүгүн карай турган маселеси бир уйду талашкан эки адамдын чырын чечүү болчу.

– Уй меники! – деди биринчи адам.

– Жок. Уй меники! Аны мен эки жыл саап ичкем, – деп каршы чыкты экинчиси.



– Чын элеби? Мен бул уйдун сүтүнөн акыркы үч жыл бою таттууларды жасап жүрбөдүм беле! – деди биринчиси.

– Булардын ызы-чуусунан менин башым ооруп кетти, – деп падыша премьер-министри Чинтаманиге арызданды.



– Түндө жеген тоок дагы деле ашказанымды оорутуп жатат. Уйду тең бөлүп туруп эле, экөөнө карматып койчу. Булардын чатагынан башым ооруп кетти, – деди.

– Улуу урматтуум, уйду экиге бөлүп бер дегениңиз анча жакшы чечим эмес, – деп Чинтамани падышанын кулагына шыбырады.

Министрдин милдетинин бири – падышанын туура эмес буйруктарды чыгарбашына көзөмөл кылуу эле. Андайды Петучанд ачка же чарчап турганда, жасап коюшу мүмкүн эле.

Ар кайсыны ойлоно берип, Чинтаманинин чачы эрте түштү.



– Албетте! Түнү бою уктабай чыксам, кантип мен адилеттүү жана акылдуу падыша болмок элем, – деп падыша наалыды. Ал тынчын алган тыкылдак үн тууралуу премьер-министрге айтып берди.

– Мындайда жардам бере турган менин бир адамым бар, – деп министр көңүлдүү жылмайып койду.



Ошол эле түнү министр хан сарайдагы зоопарктын башчысы Пасупатини чакырды.

Баары уктар маалда, баягы тыкылдаган үн кайра пайда болду.

Тык-тык...тык-тык...

Зоопарктын кызматкери бул үндү угары менен дароо үйүнө чуркады. Ал капасты жана курттар салынган табакты алып келе калды. Андан кийин Пасупати падышанын жыгач устасына үн чыгып жаткан дубалды тешип берүүсүн суранды. Курттар салынган идишти тешиктин жанына койду.

Баары демдерин ичине алып күтүп калышты.



Узун тумшугу бар күрөң-кызыл кичинекей куш тешиктен чыгып, табакка секирди.

– Оп! Куш капаска түштү.

– Кичинекей куш болсо да, ушунчалык катуу бүлүк салганына таң калып турам. Силер өлкөгө чоң кызмат кылдыңар! Баарыңарга ыраазымын, – деди падыша.

Эртеси падыша сотко убагында келди.

– Улуу урматтуум, мен кушту калтырып кете албайм, – деди зоопарктын башчысы Пасупати падышанын алдына келип.



– Дагы эмне болуп кетти? – деп сурады падыша.

– Түн ичинде «тык-тык» деп тыкылдаткан куш зоопарктагы бардык айбандарга уйку берген жок. Эми айбанаттардын баары күндүз уктап жатышат. Зоопаркка аларды көрөбүз деп келген балдардын бардыгы көңүлсүз кетип жатышат.

– Мм, андай болсо, бул канаттуунун этинен даамдуу шишкебек жасаса болбойт бекен? – деп падыша тамшанып койду.


– Жок, улуу урматтуум, биз бул кушту өлтүрө албайбыз! Бул өтө сейрек кездешүүчү канаттуу. Аны бакыт алып келгендиги үчүн кол тийгис деп эсептешет, – деди Чинтамани чечкиндүү. Ал дайым падышага жөндүү кеңеш айтып турчу.




– Анда муну эмне кылыш керек? Мунун чуусуна жаныбарлар да чыдай албай жатса, менин элим кантет? Муну жайына койсок, бул шаарда эч кимге уйку бербейт го? – деп сурады падыша.

– Улуу урматтуум, макул десеңиз, бул кушту мен алайын. Үйдө жаңы төрөлгөн балам бар. Анын ыйлаганынан, биз ансыз деле түнкүсүн уктабайбыз, – деди дагы бир министр алдыга чыгып.

– Жок, жок. Биз буга жакшы жай табышыбыз керек, – деп чырылдады Чинтамани.



– Мына! Улуу урматтуум, менин эң сонун планым бар! Тыкылдак кушка түнкүсүн эч ким уктабай турган жер табуу керек, – деди ал күтүлбөгөн жерден сүйүнүп кетти.



Ошентип, тыкылдак куш сарайдан жана Санапур шаарынан алысыраак жайгашкан чек ара тозотундагы туурга конду. Жоокерлер түнкүсүн уктабай, өз ишин ушунчалык мыкты аткара башташты. Ошондон улам тыкылдак куш өлкөнүн расмий символу болуп калды.

Сак турган жоокерлерден падышачылыкка кол сала албай жаткандыктан, ачууланган душмандар Сонапурду "яагпур" ("уйкусуз шаар") деп атап калышты.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Видья Прадхан
Сүрөтчү: Решма Барве
Которгон жана адаптациялаган:
Талгат Деркембаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли